«БЕКИТЕМИН»
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору, техника илимдеринин доктору, профессор
**К.Ж.Усенов** ____________
«_6_» _05_ ____________ 2021-ж.

Музулманов Мелисбек Узеновичтин **"Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы"** деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

## КОРУТУНДУ П И К И Р И

**Илимий жетекчи** – педагогика илимдеринин доктору, профессор Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич

Иш Ош мамалекеттик университетинин Филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасында аткарылган.

**1.Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргызстанда ааламдашуунун таасиринен улам жаш адамдын руханий-маданий дүйносүндо, аң-сезиминде «батыштык» таасирлер күчтүү көрүнүп, мектеп окуучуларынын китеп окууга, анын ичинде адабий чыгармаларга кызыгуулары кескин төмөндөп

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 46 « 10 » 05 2021 ж.

кетти. Бул тууралуу КР Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлыгында кеңири айтылып, алдыга милдеттер коюлду. Окуучулардын билимин баалоо боюнча эл аралык изилдөө борбору (PISA) Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү программасынын алкагында 2000-жылдан бери үч жылда бир жолу сунуш кылынган өлкөлөрдүн айрым мектептериндеги 15 жаштагы окуучуларынын билимин жана ошол алган билимдин негизинде жетишилген компетентүүлүктөрүн изилдеп, окуучулардын окурмандык кызыгууларын жана сабаттуулугун текшерген, анын жыйынтыгында 2006-жылы 57 мамлекеттен 57-орунду, 2009-жылы 65 мамлекеттен 65-орунду ээледи. Эл аралык эксперттер Кыргызстанда 15 жаштагы окуучулардын 16,8 пайызы гана окуганын түшүнөт жана түшүнгөнүн айтып бере алат, калганы же такыр окуй албайт, окуганы да эмне окуп жатканын стандартка ылайык түшүндүрүп бере албайт деген жыйынтыкка келишкен.

Бул көрүнүштүн бир катар себептери бар. Алар, биринчиси, китеп жазуу, басып чыгаруу, элге жеткирүү тармагынын мамлекеттик колдоодон ажырап калышы; экинчиси, «массалык маданияттын» таасиринен улам китеп окууга кызыгуунун төмөнкү деңгээлге түшүп калышы; китеп окууга үгүттөө жумуштарынын солгундугу ж.б. Алардын катарында мектептеги адабият сабактарында, класстан тышкаркы учурларда китеп окууга кызыктыруунун, китеп менен иштөөнү уюштуруунун, өткөрүүнүн методикасынын иштелип чыкпагандыгы да себеп болот. Бул багытта классикалык педагогдордун жана жазуучулардын (Ш.А. Амонашвили, В.Г. Белинский, Н.А. Добролюбов, А.М. Горький, Я.А. Коменский, Н.С. Крупская, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский, Л.Н. Толстой, К.Д. Ушинский, Н.Г. Чернышевский ж.б.) эмгектеринде китеп окуунун адам турмушундагы маанисине өзгөчө басым жасалган. Кыргыз адабиятын окутуу методикасы боюнча адистер (Б. Алымов, Б.М. Акматов, К.К. Акматов, С.Т. Батаканова, С.О. Байгазиев, К. Иманалиев, Н. Ишекеев, Н. Кангелдиев, Ү.Б. Култаева, Т. Молдогазиев, С. Момуналиев, А.Ж. Муратов, С.К.

Рысбаев, Б.К. Оторбаев, Д. Саалиева, А.Т. Саттарова, А. Турдугулов, В. Шнейдман ж.б.) жана мектеп мугалимдери (Б. Батыркулов, Б. Исаков, А. Сманбаев ж.б.) класстан тышкаркы окуу, анын методикалык жагдайлары тууралуу өз эмгектеринде аз да болсо токтолуп өтүшкөн, бирок алардын изилдөөлөрү ырааттуу, атайын максаттуу жана бир багыттуу болгон эмес.

Казак адабиятын окутуу методикасында Т.К. Жумажанованын «Научно-методические основы внеклассной работы по казахской литературе» аттуу темада докторлук диссертациясы, орус адабиятын окутуу боюнча Н.А. Бодрованын «Методика организации и проведения уроков внеклассного чтения по литературе в старших классах средней школы» деген эмгектери орто мектептерде класстан тышкаркы окуунун методикасына арналып жазылган. XX кылымдын 60-жылдарынан тартып бул проблема боюнча бир нече кандидаттык (С.А. Аничкин, В.И. Ионова, О.Н. Сороцкая, М. Пиримова, А.М. Гасанов, Н.А. Зинченко, Е.Л. Николаева, Н.Г. Осак, М.П. Воронина, С.И. Колодезникова ж.б.) жана докторлук (Н.Н. Светловская, Н.Б. Берхин ж.б.) диссертациялар, методикалык китептер (О.В. Джежелей), хрестоматиялар жазылды.

Биз изилдөөбүздө кыргыз адабиятын окутуунун мамлекеттик стандарты, окуу программасы өзгөчө маани берген, бирок, кыргыз педагогикасында колго калынбай жаткан темага – кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окуунун уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасын карап жаткандыгыбыз да ушул актуалдуу тема менен шартталды.

Тема боюнча илимий адабияттарды талдоо, эмпирикалык байкоолор, биздин педагогикалык тажрыйбабыз бул багытта бир топ *карама-каршылыктар* орун алып келе жаткандыгын корсөттү, алар:

- биринчиси, окуучулардын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, социомаданий, этномаданий компетенттүүлүкторүн калыптандырууда класстан тышкаркы окуу эң маанилүү факторлордун бири болсо да

чыгармачылык бул процесс азыркы мектеп практикасындагы формалдуу жүргүзүлүп, анын себептери ачылбай келгендигинде;

- экинчиси, класстан тышкаркы окуу боюнча методисттердин эмгектери, мугалимдердин тажрыйбалары аздыр-көптүр болсо да, бул иштердин атайын максатта изилденип чыкпагандыгы, илимий-теориялык жактан жыйынтыкталбагандыгы;

- үчүнчүсү, кыргыз адабияты мугалимдери үчүн өтө зарыл болсо да, класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикалык негиздеринин дүйнөлүк педагогиканын жетишкендиктерине таянылуу менен заманбап технологиялары иштелип чыкпагандыгы ж.б.

Проблеманын ушундайча коюлушу *«Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы»* деген аталыш менен изилдөөнүн темасын аныктоого мүмкүндүк берди.

**2. Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделиш даражасы:** диссертацияда изилдөөдөн алынган натыйжалар, чыгарылган тыянактар изденүүчүнүн өзүнүн жана кесиптештеринин практикалык сабактарында колдонулган. Изилдөөнүн мазмуну боюнча илимий конференцияларда баяндамалар окулган. Кафедранын жыйындарында талкууланып, ачык сабактар өтүлгөн. Ош, Баткен, Жалал-Абад областарында болгон семинар тренингдерде талкууга алынып, Республикалык жана чет өлкөлүк басылмаларда макалалар жарыяланган.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.** Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында эң алгачкы жолу класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүүнүн методикасы заманбап педагогикалык талаптарга ылайык аныкталды; класстан тышкаркы окутуунун мазмунун өркүндөтүүнүн мүмкүнчүлүктөрү ачылды; окуучулардын класстан тышкаркы окуу процессинде ээ болуучу адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөргө жетишүүнүн

жолдору көрсөтүлдү; окуучулардын окурмандык кызыгууларын класстан тышкаркы окутуу аркылуу жогорулатуунун технологиялары иштелип чыкты; класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы адабият курстарынын баскычтарына, окуучулардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык өзгөчөлүктөрдү чагылдырылды; сунуш кылынган заманбап методикалык ыкмалар, жолдор, каражаттар тажрыйбалык-эксперименттик иштин жыйынтыктарынын негизинде текшерилип, натыйжалуу деп эсептелингендери практикага сунушталды.

**4.Изилдөөнүн практикалык баалуулугу.** Илимий ишибиздеги методикалык сунуштар кыргыз адабияты боюнча окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду түзүүдө, университеттердин «Кыргыз адабиятын окутуу» дисциплинасынын мазмунун өркүндөтүүдө, мектеп мугалимдеринин адистигин жогорулатуу курстарында, мугалимдердин чыгармачылык ишмердүүлүгүн көтөрүүдө пайдаланылышы мүмкүн. Диссертацияда коюлган милдеттердин жыйынтыктары окуучулардын окурмандык кызыгуусун, адабий көркөм табитин жогорулатууга жардам берет.

Изденүүчүнүн жеке салымы катары буларды белгилөөгө болот: класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүүнүн методикасы соңку шарттарга жана талаптарга ылайык кыргыз педагогикасында эң алгачкы жолу иштелген, ал сунуштар педагогикалык экспериментте текшерүүдөн өткөрдүлгөн жана мектеп мугалимдерине сунушталган.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши**

Диссертациялык иш киришүүдөн, 11 **бөлүмдү** камтыган үч баптан, жалпы корутундудан жана практикалык сунуштардан турат. Жалпы көлөмү – 201 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 256, таблицалар – 22, сүрөттөр –1, тиркемелер – 2. Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген талаптан ашкан эмес. Автореферат диссертациянын

мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши главалар боюнча так көрсөтүлгөн.

Жалпысынан изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо айрым мүчүлүштүктөр да байкалды, алар:

Биринчи, айрым теориялык маселелерге, атап айтсак, окутуунун дидактикалык принциптерине көбүрөөк орун берилген.

Экинчи, кыргыз тилин кыргыз адабияты менен интеграциялап окутууда практикалык-колдонмолук маанисин тереңдетип ачып берүү керектей.

Үчүнчү, стилистикалык, орфографиялык жана пунктуациялык айрым мүчүлүштүктөргө жол берилген.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

Музулманов Мелисбек Узеновичтин “Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы” деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» Жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Музулманов Мелисбек Узенович 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика жана психология, башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедраларынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2021-жылдын 6-майында (№19-протокол) талкууланып бекитилди.

**Катышкандар:**

1.Сакиева С.С.– педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);

2.Токтогулов С.Т.– педагогика илимдеринин доктору, проф.м.а. (13.00.01);

3.Ураимов К.М. – педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);
4.Найманбаев М.Ж.– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
5.Рыскулова Г.У.– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);
6.Тажибаева Ж.К.– педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);
7.Ажыкулов С.М.– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);
8.Нусупова Р.С. .– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);
9.Ажыбаева З.А.–филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.00.01);
10.Жолдошбаева Р.К.-педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01).

Отурумдун төрагасы, педагогика
илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиева

*Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктайм.*
*Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окумуштуу катчысы,*
*педагогика илимдеринин кандидаты Р.С. Нусупова*

КАНЦЕЛЯРИЯ

Дата поступления
отзыва в ДС Д 13.20.623
10.05.2021г
Ч. … Осмурбаева Д.К.

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү Музулманов Мелисбек Узеновичтин педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунуш кылган «Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы” деген темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык ишине

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИК ПИКИРИ

**Илимий жетекчиси-**Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич, педагогика илимдеринин доктору, профессор

### 1. Изилдөөнүн темасынын адистикке дал келиши

Музулманов Мелисбек Узеновичтин педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунуш кылган «Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы” деген темадагы диссертациялык иши Д. 13.20.623 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет.

### 2. Изилдөөнүн актуалдуулугу:

Аталган изилдөө бүгүнкү күндө мектепте кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүү методикасы илими үчүн актуалдуу, себеби:

- мектеп окуучуларын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, социомаданий, этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда класстан тышкаркы окуу эң маанилүү факторлордун бири болсо да, азыркы мектеп практикасындагы класстан тышкаркы окуу иштери формалдуу түрдө гана жүргүзүлүп келе жатышы;
- класстан тышкаркы окуу боюнча методисттердин эмгектери, мугалимдердин тажрыйбалары аздыр-көптүр болсо да, бул маселе илимий-методикалык жактан атайын максатта изилденип чыкпагандыгы;
- класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикалык негиздеринин дүйнөлүк педагогиканын жетишкендиктерине таянылуу менен заманбап технологиялары иштелип чыкпагандыгы.

### 3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары:

**1-жыйынтык:** кыргыз адабиятын окутуунун методикасында эң алгачкы жолу класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүүнүн

И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 44 «10» 05 2021 ж/г.

методикасы заманбап педагогикалык талаптарга ылайык аныкталган, анда класстан тышкаркы окуунун мазмунун өркүндөтүүнүн илимий-практикалык мүмкүнчүлүктөрү ачылган;

**2-жыйынтык:**- окуучулардын класстан тышкаркы окуу процессинде ээ болуучу адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөргө жетишүүнүн жолдору көрсөтүлгөн;

**3-жыйынтык:** изилдөөнүн натыйжасында окуучулардын окурмандык кызыгууларын класстан тышкаркы окутуу аркылуу жогорулатуунун технологиялары иштелип чыккан;

**4-жыйынтык**: класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы адабият курстарынын баскычтарына, окуучулардын курак айырмачылыктарына ылайык өзгөчөлүктөрү так көрсөтүлгөн;

**5-жыйынтык:** сунуш кылынган заманбап методикалык ыкмалар, жолдор, каражаттар тажрыйбалык-эксперименттик иштин жыйынтыктарынын негизинде текшерилип, натыйжалуу жолдору практикага сунушталган.

Ушундай жыйынтыктарына карап, аталган диссертациялык иште алгылыктуу илимий жаңылыктар, ачылыштар, жаңы идеялар алынган деп эсептөөгө болот.

**4. Диссертациядагы алынган натыйжалардын негизделишин жана ишенимдүүлүгүн булар далилдейт**:

**1-жыйынтык:** класстан тышкаркы окуу (КТО) менен сабактан (класстан) тышкаркы иштердин биримдигинен келип чыгуучу адабий билим берүүнүн бир формасы деп каралгандыгы;

**2-жыйынтык:** КТОдо- талкууга алынуучу чыгармаларды эркин тандоого укук берилүүчү педагогикалык аянтча катары изилденгендиги;.

**3-жыйынтык:** соңку кездеги кыргыз адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармалары менен таанышуунун кеңири мүмкүнчүлүгү ачылгандыгы;

**4-жыйынтык:** окуу программалары жана окуу китептери менен иштөөгө толуктоо жана чыгармачыл окуу эркиндиги берилгендиги;

**5-жыйынтык** : окуучунун окурмандык өз алдынчалыгын өнүктүрүүнүн маанилүү фактору катары каралганы жана окуучунун окурмандык кызыгууларын калыптандыруунун эң мыкты звенолорунун бири болуп кызмат кылары.

**5. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылыгынын деңгээли:**

**1-жыйынтык:** жарым-жартылай жаңы, окуучунун китептен алыс болушу- аны «демографиялык катастрофага» алып келүү коркунучу эске алынган:

**2-жыйынтык:** жаңы, адамды руханий кыйроодон чыгаруунун бир жолу көркөм адабият экендиги айтылып, КТО аркылуу алардын кыргыз

баласынын дүйнө таануусуна, окурман катары ой жүгүртүүсүнө, кругозоруна таасир этери далилденген;

**3-жыйынтык:** жаңы, КТО класстан тышкаркы окуу баланын акыл-эси жактан ар тараптуу инсан катары калыптануусуна, анын фантастикалык, романтикалык дүйнөсүн өстүрүүгө жардам берери кыргыз адабиятынын мисалдары менен айтылган;

**4-жыйынтык:** жарым-жартылай жаңы, көркөм адабият аркылуу адамды таанып билүү, турмуштагы ак менен караны, жакшылык менен жамандыкты, оң менен терсти ажыратууга көмөктөшөрү экспериментте сыналган;

**5-жыйынтык:** жаңы, КТО аркылуу баланын сөз корун байытуу, эстетикалык табитин жогорулатуу иштери бирге жүрөрү кыргыз мектебинин мисалдары менен далилденген.

**6.Алынган жыйынтыктардын ички биримдиги:**

Изилдөөдөгү алынган жыйынтыктар ички биримдикке, уланмалуулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маанилик байланыштуулукка ээ.

**7. Алынган жыйынтыктарды тиешелүү проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо:**

Диссертанттын илимий - изилдөөсүндө мектепте класстан тышкаркы окуунун жаңы программасы иштелип чыккан жана Кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну натыйжалуу жүргүзүү аркылуу окуучунун адабий-чыгармачылык шыгын өнүктүрүү багыттарын иштеп чыккан. Бул корутундулар - тармак үчүн маанилүү.

**8.Диссертация негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү:**

Изилдөөнүн жыйынтыктары Республикалык бир нече илимий-практикалык конференцияларда жайылтылган жана да, 3 методикалык эмгекте, чет өлкөлүк басылмаларда 3, Кыргызстандын илимий –методикалык басылмаларында 7 илимий макала түрүндө жарыяланган.

**9.Автореферattын мазмуну диссертация менен дал келиши:**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмуну менен толук мазмундаш жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары толук дал келет.

**10. Диссерациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кеткен айрым мүчүлүштүртөр жана эскертүүлөр:**

1) Класстан тышкаркы иштөө учурунда текст менен иштөөдө сөз маанисин чемелөө жумуштары үстүртөн болуп калган, ушул маселеге дагы да көбүрөөк басым коюп иштесе жакшы болмок.

2) Экинчи главанын 2-параграфында эксперименталдык иштерин жүргүзүүдө бир канча методдор менен иштегенин баяндап берген, ошентсе да 79-бетте дагы да бир нече методдорду санап өткөн, бирок алар менен кандай иштегени айтылбаган, жөн гана тизмеленип калган, аны алып таштаса деле болмок, ырас киргизгенден кийин түшүндүрүп кетсе болмок.

Бирок бул айтылган сын пикир менен эскертүү диссертациянын мазмунунун толуктугуна терс таасир бербейт. Диссертация жогорку деңээлде, сабаттуу жазылган.

**11. КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына диссертациянын дал келиши.**

Изденүүчү Музулманов Мелисбек Узенович педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунуш кылган «Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы" деген темадагы дисертациялык иши **КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына толук дал келет, ал эми автору** Музулманов Мелисбек Узеновичти педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга толук татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:** [signature] **Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**

«Профессор С.К. Рысбаевдин колун тастыктайм».
КББАнын кадр бөлүмүнүн башчысы:
10.05.2021-ж.

Дата поступления отзыва в ДС Д13.20.623
10.05.2021г
Уч. секр. Осмурбаева Д.К.

**Музулманов Мелисбек Узеновичтин «Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы» деген аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

# РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Музулманов Мелисбек Узеновичтин «Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы» аттуу темадагы диссертациялык иши кыргыз педагогикасындагы актуалдуу темага – жалпы билим берүүчү мектептердин кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн маанилүүлүгүн илимий-методикалык жактан негиздеп, аларды окутуу ишинде, педагогикалык ишмердүүлүктө пайдалануунун натыйжалуу методдорун, ыкмаларын иштеп чыгууга жана өркүндөтүүгө арналган.

Диссертант мектеп окуучуларынын адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик, социомаданий, этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда класстан тышкаркы окуу эң маанилүү факторлордун бири болсо да, чыгармачылык бул процесс азыркы мектеп практикасында формалдуу жүргүзүлүп, анын себептери ачыкталбай келгендигин белгилейт. Ошондой эле, изденүүчү класстан тышкаркы окуу боюнча методисттердин эмгектери, мугалимдердин тажрыйбалары аз санда болсо да, бул иштер атайын максатта изилденбей, илимий-теориялык жактан жыйынтыкталбай келгендиги, кыргыз адабияты мугалимдери үчүн өтө зарыл болгондугуна карайбай, класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикалык негиздеринин

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 45 «10» 05 2021 ж/г

дүйнөлүк педагогикалык жетишкендиктерине таянуу менен заманбап технологиялары иштелип чыкпагандыгын ачыктайт.

Илимий иштин "Мектептерде класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өркүндөтүүнүн теориялык-методологиялык проблемаларына жана изилдениш тарыхына обзор" деген аталыштагы 1-бапта азыркы учурдагы педагогикалык процессте класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өркүндөтүүнүн максаты, милдеттери жана негизги парадигмалары, класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өркүндөтүүнүн изилдениш тарыхы, мектептерде класстан тышкаркы окууну уюштуруунун методологиялык негиздери жалпылаштырылган. Дал ушуга байланыштуу 50-80-жылдардын аралыгынан тартып, ушул күнгө чейинки окуучулардын көркөм адабиятка кызыгуусунун солгундашынан улам келип чыккан көйгөйлөр тууралуу окумуштуулардын пикирине таянуу менен ачып берген. Бул багытта изденүүчү бир топ жетиштүү маалыматтар менен камсыз болгон.

Изденүүчү эмгегинде интернет байланышы ойлонуп, табылгандан тартып маданияттар, улуттар, цивилизациялар жакындашып, алар өздөрүнүн байыртадан сактап келе жаткан өзгөчөлүгүн жоготуп, башка маданияттар, улуттар, цивилизациялар менен сиңишип кетип жатканын белгилеген. Дүйнөдө болуп жаткан массалык маданияттын "чабуулуна" каршы китеп окуу маданияты туруусу шарт экендигин жана дал ушул балдардын окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы негизги фактөр катары – кыргыз адабияты сабагы жана ошол предмет боюнча класстан тышкаркы окуу ишмердүүлүгү экендигин туура баамдаган.

Диссертант иштин 13-бетинде: "класстан тышкаркы окуунун биринчи максаты – азыркы аалмадашуу доорунда жаштарды массалык маданияттын терс таасиринен оолактатып, көрком адабияттын дүйнөсүнө алып келүү" – деп белгилейт. Балдарды көрком адабиятка кызыктырууда "үй бүлөлүк окуунун" өзгөчө ролун ачыктаган жана көркөм адабияттын бүгүнкү негизги функциясын ачып берүүгө аракеттенген.

“Класстан тышкаркы окууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору” аталышындагы 2-бапта илимий изилдөөнүн материалдары жана изилдөөнүн теориялык, эксперименталдык методдору каралган. Бул болүмдө диссертант изилдөөнүн объектиси жана предметине, класстан тышкаркы окутуунун материалдарын тандоонун критерийлерине, класстан тышкаркы окутуунун материалдарын тандоонун, жайгаштыруунун негизги принциптерине жана илимий изилдөөнүн методдоруна токтолгон. Изилдөөнүн методдорун: теориялык, эмпирикалык, эксперименталдык деп классификациялап, ар бирин кеңири ачып берүүгө аракеттенген. Теориялык методдун алкагында окуучулар жазган дил баяндарга анализ жүргүзүлгөн. Ошондой эле окурмандык биография, окурмандык күндөлүк, китепканалык формулярдык үйрөнүү, сурамжылоо (анкеттөө) жана тестирлоө методдоруна орун берилген.

Изилдөөнүн эксперименталдык бөлүгү Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп-лицейинде, Ю.Гагарин атындагы мектеп-гимназияда, Жалал-Абад областындагы Аксы районуна караштуу №42 Токтогул Сатылганов атындагы мектеп гимназияда, Баткен областынын Баткен районуна караштуу Жусуп Байжигитов атындагы, Ош областындагы Кара-Суу районундагы №107 Аманбай Жунусов атындагы орто мектептерде 2012-2018-жылдар аралыгында жүргүзүлгөн. Эксперименталдык изилдөөнү өткөрүүнүн этаптары ырааттуу, максаты так коюлган, методдору туура тандалган, милдеттери так аныкталган жана натыйжасы ынанымдуу деп айтууга толук негиз бар.

“Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы” аталышындагы иштин 3-бабында адабияттык окуу курсунда класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн ыкмалары жана жолдору, методикалык өзгөчөлүктөрү, педагогикалык шарттары, принциптери, дидактикалык талаптары, окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүк каралган.

Изденүүчү мектепте класстан тышкаркы окууну уюштурууда окуучунун окурмандык кызыгууларын аныктоо үчүн XX кылымдын башындагы белгилүү

орус педагогдору сунуштаган “жеке окурмандык күндөлүк” ачуу демилгесин колдоого алган. Бул сунуш класстан тышкаркы окуу жараянын көзөмөлдөөгө, күндөлүккө карап окуучунун окуган чыгармалары менен таанышууга, байкоо жүргүзүүгө жана баланын адабий өнүгүү деңгээлин билип алууга жакшы мүмкүнчүлүк берет деп эсептейт. Бул тууралуу иштин 97-бетинде: “V-VIII класста окуучулардын окуу кызыкчылыгы интенсивдүү өнүгот да, балдар адабиятын, балдарга арналган чыгармаларды гана окубастан “чоңдор” адабиятына, сүйүү-махабат темасына да кызыгуу пайда болот, ошондой китептерди издеп калат, мына ушул өзгөчолүктөн пайдаланып, окурмандык кызыгууларын классикалык адабиятка, чыныгы адабиятка буруп турушубуз керек” – деген ойду билдирген. Бул жагдайда класстан тышкаркы окутууну өткөрүүдө чыгармалардын жанрдык ар түрдүүлүгүн, окуучунун жаш өзгөчөлүгүн эске алуу керектигин туура баамдаган.

Диссертант класстан тышкаркы окутуунун материалдарын класста окулган материал менен проблемалык-тематикалык, тарыхый-адабий жактан байланыштыруу, сабактарды ыраттуу, үзгүлтүккө учуратпай өткөрүү, мектептен тышкаркы ар кандай окуу ишмердүүлүктөрү менен байланыштыруу, милдеттерди, каражаттарды, өтүлүү ордун так аныктоо, интеграциялап талдоо, чыгармаларды тандоодо алардын идеялык-тематикалык маанисине, балдардын кызыгуусуна дал келүүсүнө озгочө маани берүү сыяктуу педагогикалык шарттарды соссүз эске алуу зарылдыгын аныктаган.

Диссертациянын жаңылыгы кыргыз адабиятын окутуунун методикасында алгачкы жолу класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасын заманбап педагогикалык талаптарга ылайык илимий-теориялык жана практикалык жактан аныктап, окуучулардын класстан тышкаркы окуу процессинде ээ болуучу адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүнө жетишүүнүн майнаптуу жолдорун карап, алардын азыркы жаштардын таалим-тарбиясына кошо турган мүмкүнчүлүгүнүн педагогикалык-методикалык шарттарын иштеп чыккандыгында.

Диссертант изилдеген темасын ачып берүүдө мектеп окуучуларынын билим деңгээлин, окурмандык кызыгууларын кылдат биле тургандыгын көрсөткөн жана проблемага ошол аспектиден мамиле кылган.

Диссертацияда изденүүчү тарабынан темага ылайык тарыхый-философиялык, адабият таануучулук, эстетикалык багыттагы методологиялык эмгектер изилденген жана алардын идеялары ишке сиңирилген; класстан тышкаркы окууда тандалган чыгармаларды окутууда интерактивдүү технологиялардын үзүрлүү ыкмалары, предметтерди айкалыштыруунун жолдору иштелип чыккан; диссертацияда адабият мугалиминин ролу озгөчө орунга коюлган жана аларга методикалык кеңештер берилген; чыгармаларды окутуунун шарттары бир кыйла билгичтик менен иштелип чыккан.

Илимий изилдөөнүн теориялык жоболору эмгекте жалпысынан жеткиликтүү жана ынанымдуу чыгарылган.

М.Музулмановдун диссертациялык иши жана анын жыйынтыктары илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча мектепте кыргыз адабиятын класстан тышкаркы окутууну уюштурууну жана өткөрүүнү оркүндотүүгө салым кошот деп ойлойбуз.

Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн мазмуну, негизинен, чагылдырылган, андан эмгектин логикасын аңдап билүүгө болот. Иштин теориялык ойлору практикада сынактан өткөрүлгөн.

Жарыяланган эмгектердин баары – 15 жана алар теманын негизинде жазылган, ЖАК талап кылган басылмаларда жарыяланган.

Эмгек боюнча айрым бир **кемчилдиктерди жана сунуштарды** айта кетүү зарыл деп эсептейбиз. Алар:

1. Диссертацияда окумуштуулардын пикирине таянууда шилтеме абдан көлөмдүү берилген жерлер кездешет. Мисалы мындай көрүнүш диссертациянын 11-12-17-19- беттеринде озгочө байкалат. Ошондой эле мындай көрүнүштөр чыгармадан алынган үзүндүлордө (117-127-б.), окуучулардын жазуу жумуштарын анализдөөдө (72-75) да кездешет. Бул эмгектин уникалдуулугунун

пайыздык көрсөткүчүнө кедергисин тийгизиши мүмкүн. Андыктан кыска, ток этээр жерин берүү максатка ылайыктуу.

2. Ар бир бап бүткөндөн кийинки берилген корутундулар өтө эле көлөмдүү жазылган. Корутундуда берилүүчү ой кыска, так болушу шарт.

3. Диссертацияда айрым орфографиялык каталар кездешет.

Бирок бул кемчилдиктер ишти редакциялоо учурунда арылтууга мүмкүн боло турган кемчиликтер.

**Жыйынтыктап айтканда,** Музулманов Мелисбек Узеновичтин «Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өркүндөтүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын авторефераты Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 2.10. пунктуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору М.У.Музулманов аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент** Шералиева А.Ж., педагогика илимдеринин кандитаты, М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун доценти

подпись Шералиевой А.Ж. заверяю. Ст. инсп. ОК

Дата поступления отзыва в ДС Д13.20.623 10.05.2021

Уч. секр: ...баева Д.К.